European Commission

# TAIEX INTPA

## ЕБ МЕНЕН ТАЖРЫЙБА ЖАНА БИЛИМ АЛМАШУУ



Европа Комиссиясы

Европалык коңшулук саясаты жана сүйлөшүү жүргүзүү директорат.

**Эл аралык өнөктөштүк боюнча директорат**

ec.europa.eu/taiex

NEAR-TAIEX-INTPA@ec.europa.eu

eu@ec.europa.eu

Publications Office of the European Union

© Европа Биримдиги, 2020 г.
Булакка шилтеме берилген учурда жана ар бир өзгөртүү көрсөтүлгөн маалда гана бул документти кайра колдонууга уруксат берилет. (Creative Commons Attribution 4.0 эл аралык лицензиясы). ЕБнин менчигинен тышкары элементтерди колдонууда же кайра ойнотууда түздөн түз  автордук укук ээлеринин ачык макулдугу талап кылынат.
Фото: ©Dylan Gillis/unsplash.com, Rawpixel Ltd/istockphoto.com, contrastwerkstatt/fotolia.de, AlexRaths/istockphoto.com.

## TAIEX INTPA деген эмне?

**TAIEX INTPA - эл аралык өнөктөштүк боюнча башкы директораттын (INTPA) компетенциясына кирген, өнөктөш өлкөлөрдө жана аймактарда колдонулуучу техникалык жардам жана маалымат алмашуу (TAIEX) программасынын шайманы. Аталган программанын алкагында Европа Биримдигине мүчө өлкөлөрдүн мамлекеттик секторунун эксперттери өнөктөш өлкөлөрдүн мамлекеттик мекемелеринин суроо-талабына ылайык кыска мөөнөттүү техникалык колдоо көрсөтүшөт.**

TAIEX INTPAнын максаты – 2030-жылга чейинки аралыктагы өнүгүүнүн улуттук саясатынын механизмдерин бекемдөө жана БУУнун күн тартибиндеги ЕБнин милдеттенмелерине ылайык туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүгө салым кошуу. TAIEX INTPA алкагындагы иш-чаралар, өнөктөш өлкөлөр менен бирдикте техникалык кызматташтыктын башка формалары менен тыгыз байланышта иштелип чыгат.

## TAIEX INTPA компетенциясына кайсы тармактар кирет?

TAIEX INTPA алкагында көрсөтүлүүчү колдоо билимдин бардык тармактарын жана Евробиримдикке мүчө мамлекеттердин тажрыйбаларын камтый алат - ЕБнин чек ара жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоодон тартып, санариптештирүүгө чейинки нормалар жана мыйзамдар.



## TAIEX INTPA алкагында кантип колдоо көрсөтүлөт?

TAIEX INTPA алкагында мекеме-бенефициар тарабынан тийиштүү онлайн-өтүнүч берилгенден тартып жардамдын 3 түрү көрсөтүлүшү мумкүн:



***Семинар***
Евробиримдикке мүчө мамлекеттердин бир нече эксперттери Евробиримдиктин өзүнүн билим берүү чөйрөсүндөгү эң мыкты тажрыйбалары менен тааныштырып, өнөктөш ведомстволордун өкүлдөрү менен талкуулашат. Бир-эки күндүн ичинде катышуучулар ЕБ мыйзамдары/жоболоруна байланыштуу конкреттүү тармакта билим алышат же билимин тереңдетишет.



***Эксперттик миссия***
Евробиримдиктин мүчө өлкөлөрүнүн эксперттери мамлекеттик башкаруунун белгилүү бир маселелери боюнча кеңири консультацияларды берет. Беш күндүк убакыттан ашпаган мөөнөттө эксперттер тийиштүү департаменттин кызматкерлери менен бирге белгилүү бир теманы интенсивдүү түрдө иштеп чыгышат.



***Тааныштыруу сапары***
Өнөктөш ведомствонун кызматкерлери ЕБнин мүчө өлкөсүнүн кабыл алуучу мекемесине таанышуу сапарга бара алышат (адатта 3 күндөн 5 күнгө чейин созулат) жана мүчө өлкөдө мамлекеттик башкаруунун конкреттүү маселелери кантип чечилээрин өз көздөрү менен көрө алышат.

TAIEX INTPA иш-чаралары бирдей темага кызыкдар болгон бир өлкө сыяктуу эле бийликтин борбордук органдарынын өтүнүчү менен бир нече коңшу мамлекетке чогуу уюштурулушу мүмкүн. Өнөктөш ведомство TAIEXтин бир же бир нече иш-чарасына өтүнүч жаза алат. Керектүү маалда жогоруда аталган колдоолор онлайн-каражаттары (вебинерлар) аркылуу алыстан көрсөтүлүшү мүмкүн.

## TAIEX INTPAнын жардамын кимдер ала алат?

- Борбордук бийлик органдарындагы мамлекеттик кызматкерлер
- Соттор жана укук коргоо органдары
- Улуттук парламентти башкаруу органдары
- Социалдык өнөктөштүк, профсоюздар жана жумуш берүүчүлөр ассоциацияларынын өкүлдөрү
- Жарандык коомдун уюмдары TAIEX INTPA нын иш-чараларына катышуучу катары чакырылышы мүмкүн, бирок TAIEX INTPA нын негизги бенефициары боло алышпайт.

#TEAMEUROPE TAIEX SHARING EU EXPERTISE SINCE 1996